## » Тилеги аруу таберик тыйындар

# МОНЕТАЛАР КОЛЛЕКЦИЯСЫ КӨРКТӨНҮҮДӨ

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 1995-жылдан бери карай коллекциялык моненталарды чыгарып келүүдө. Улуттук валюта жүгүртүлүп жаткан 20 жыл аралыгында үч алтын коллекциялык монета, 32 күмүш монетанын түрү, жез никелден 8 түр монета жана 1 мельхиор монетасы чыгарылган.***







Улуттук банк коллекциялык монеталарды маданий-агартуу максатында, ошондой эле Кыргызстанды эл аралык деңгээлде нумизматикалык рынокто татыктуу тааныштыруу максатында чыгарып келет. Мындан тышкары чектелген нускада чыгарылган коллекциялык монеталар белгилүү маараке жана окуяларда баа жеткис белек.

Жакында Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнүнүн урматына карата **2013-жылдын 26-августунан тарта** КР Улуттук банкы коллекциялык монеталардын үч түрү: "Кыргызстандын тарыхы жана архитектурасы" сериясындагы «Саймалуу-Таш» күмүш жана жез-никель монеталары 10 жана 1 сом номиналында, ал эми "Кыргызстандын кызыл китеби" сериясындагы "Жейрен" 10 сом номиналындагы күмүш монетасы жүгүртүүгө чыгарылды.

Аскага чегерилген сүрөттөр жайгашкан "Саймалуу-Таш" өрөөнү өзгөчө дүйнөлүк дөөлөттөргө киргендиктен, Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтер сериясындагы «Саймалуу-Таш» күмүш жана жез-никель монеталар сериясы басылып чыгууда. Саймалуу-Таш - бул Жалал- Абад областында эң ири аскага чегерилген сүрөттөр жайгашкан өзгөчө жер гана болбостон, Борбордук Азия дагы аскага чегерилген сүрөттөр арасында эң маанлүү аймак. Мындан тышкары, аскадагы сүрөттөрдүн көп түрдүүлүгү, сюжеттик өзгөчөлүгү жана хронологиялык жайгашуусу боюнча баа жеткис мурас болуп саналат.

**"Саймалуу-Таш" күмүш монетасынын** негизги сюжетинин өзөгүн күн, кишинин элеси, тоо эчкисинин жана күндүн элесин көтөрүп тургандай өгүздүн сүрөттөлүшү түшүрүлгөн. Жогорудагы сүрөттөлүш бир гана "Саймалуу-Таш" өрөөнүнө таандык, бул аскага чегерилген айкелдер "Саймалуу-Таштын" эң тамгасы катары белгилүү болуп, ал биздин заманга чейинки III – II-кылымдардын башына туура келет. Сүрөттөлүштөрдүн кочкул көк түстө берилиши монетанын өзгөчө айырмалоочу белгисинен болуп саналат. Монетанын алдыңкы бетине "Саймалуу-Таш/ Saimaluu-Tash" деген жазуу, номиналы (10 сом) жана пробасы менен салмагы (Ag 925/28,28 г) түшүрүлгөн. Монетанын арткы бетинде күңүрт тилкеде аска бетиндеги сүрөттөлүштөр даана байкалып турат, "Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери" сериясынын аталышы, Кыргыз Республикасынын герби жана монетанын чыккан жылы (2013) берилген.

**"Саймалуу-Таш" жез-никель монетасынын** дизайны ушул эле аталыштагы күмүш монетасына төп келет. Монета 1 сом номиналына ээ жана акрил капсуласына салынган. Монеталар Казакстандын зээрканасында басылган.

Улуттук банк "Кыргызстандын кызыл китеби" сериясындагы коллекциялык монеталарды басып чыгарууну улантып келүүдө. Бул сериянын алкагында сейрек кездешип, жоголуу алдында турган, Кыргызстандын кызыл китебине кирген жаныбарлар менен куштардын сүрөттөрү чегерилген. Маселен, Улуттук илимдер академиясынын маалыматына таянсак, Жейрен толук жоголуп кетүү алдында турат. **"Жейрен" коллекциялык күмүш монетасынын** негизги сюжетинин өзөгү катары жейрендин жубу түшүрүлгөн. Андагы жейрендер алтын чегерилип жасалып-жаратылыш байлыгы -бул эл байлыгы деген маанини түшүндүрөт. Монетанын алдыңкы бетинин үстү жагында "Жейрен" деген кыргызча аталышы, ал эми алды жагында -"Gazella Subgutturosa" латынча аталышы берилген. Ошондой эле, монетанын номиналы (10 сом), пробасы жана салмагы (Ag 925/28,28 г.) көрсөтүлгөн.

Монетанын арткы бетинде Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүнүн чагылдырылышы, "Кыргызстандын Кызыл китеби" сериясынын аталышы, Кыргыз Республикасынын герби жана чыккан жылы (2013) чагылдырылган. Монета Литвиянын зээрканасында чыгарылган. Күмүш монеталар эл аралык эң жогорку «proof» сапатына ээ. Бул монета күзгүдөй жылмакай бетке ээ болуп, даана рельефтик сүрөттөрү бар жогорку сапаттагы монета. Монетанын ар бири, сапатын тастыктаган сертификаты менен бирге акрил капсуласына салынып, өзүнчө кутучаларга жайгаштырылган. Монеталар Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөм каражаты статусуна ээ.

Мындан тышкары ушул жылы Кыргызстан үчүн өтө жагымдуу жагдай менен тааныштыра кетели. "Жылдын монетасы 2013 жыл" сынагына дүйнө жүзү боюнча 2 миң коллекциялык монета катышты. Калыстар алгачкы баскычта 99 монетаны 10 категорияда тандап алышкан. Кыргызстан конкурста эки монетасын алып барып, экөө тең номинант болушту: "Тарыхый мааниге ээ монета" номиналында "Улуу Жибек Жолу" белгиленсе, "Дем берген эң мыкты монета" номиналында түстүү "Биздин балдар дүйнөсү" монетасы сыйлыктарга жетишти. Оштентип, "Улуу Жибек Жолу" монетасы "Тарыхый мааниге ээ монета" номиналында эң мыкты монета деп таанылды.

Жакында КРнын Улуттук банкынын адистери "Кабар" маалымат агенттигинде жаңыдан жарыкка чыгарылган бул коллекциялык монеталар тууралуу ММКнын өкүлдөрүнө кеңири маалымат беришти.

**Абдимухтар АБИЛОВ**